УДК:130.2:37 (575.2) (04)

***Жунушова Г.М.,***
*ага илимий кызматкер*
***Жунушова Г.М.,***
*старший научный сотрудник*
***Zhunushova G.M.,***
*senior researcher*

***Ибраев М.Э.,***
*илимий кызматкер*
***Ибраев М.Э.,***
*научный сотрудник*
***Ibraev M.E.,***
*researcher*

***Айбашова А.Т.,***
*кадрлар боюнча инспектор*
***Айбашова А.Т.,***
*инспектор по кадрам*
***Aibashova A.T.,***
*personnel inspector*

*Институт философии, права и социально-политических исследований им. А.А.Алтмышбаева*

*А.А.Алтмышбаев ат. Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту*

*Institute of Philosophy, Law and Socio-Political Research them. A.A. Altmyshbaeva*

# ЗАМАНБАП КООМДОГУ МАДАНИЙ-НРАВАЛЫК ТАРБИЯНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ

# КУЛЬТУРНО-НРАВСТВЕННОЕ ВОСПИТАНИЕ В СОВРЕМЕННОМ ОБЩЕСТВЕ

# CULTURAL AND MORAL EDUCATION IN MODERN SOCIETY

**Аннотация.** Азыркы учурдагы коомдо руханий жардылык, ыймансыздык, тарбиясыздык күчөп, социум деградацияланып жатат. Ааламдашуу мезгилинде коом мурда болуп көрбөгөндөй өзгөрүүдө. Айрыкча жаш муундун психологиясы нравалык, адеп-ахлактык, моралдык жүрүм-туруму өзгөрүп, бул улуттук иденттүүлүккө жана руханий-нравалык баалуулуктарга терс таасирин көрсөтүүдө.

**Аннотация.** Глобализационные процессы отрицательно влияют на сознание молодежи, наблюдается дезориентация моральных ценностей. В современном обществе духовная нищета и безнравственность, невежество усиливается, общество деградирует, угрожая нашей национальной идентичности и духовным ценностям.

**Abstract.** Globalization processes have a negative impact on the consciousness of young people, there is a disorientation of moral values. In modern society, spiritual poverty and immorality, ignorance is increasing, society is degrading, threatening our national identity and spiritual values.

***Негизги сөздөр:*** *тарбия, маданият, нравалуулук, психология, коом, жаштар.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, культура, нравственность, психология, общество, молодежь.*

***Keywords:*** *education, culture, morality, psychology, society, youth.*

Бүгүнкү доор - кыргыз мамлекетинин тарыхында дөөлөттөр, баалуулуктар алмашылып, коомдук аң-сезим, психология, моралдык нормалар өзгөрүп, улуттук салт-санаа жектелип, батышты тууроо күчөп турган учур. Ушундай өткөөл тарыхый кырдаалда жалпы адамзаттык, өзгөчө улуттук, үй-бүлөөлүк, коомдук таалим-тарбияга, билим-илимге, руханий-нравалык, адеп-ахлактык, моралдык нормаларга өзгөчө маани берүү мезгил талабы болууда.

Ааламдашуу мезгилинде коом мурда болуп көрбөгөндөй өзгөрүүдө, тилекке каршы жаман жагына десек да болот, коомдо руханий жардылык, ыймансыздык, тарбиясыздык күчөп, социум деградацияланып жатат. Айрыкча жаш муундун психологиясы, адеп-ахлактык, моралдык жүрүм-турумү бузулду, улуттук иденттүүлүккө жана руханий-нравалык баалуулуктарга коркунуч туудурууда. Бул ааламдашуу делген интеграциялык процесстердин Кыргызстан сыяктуу кичине мамлекеттерге тийгизген терс таасирлердин натыйжасы.

Азыркы күндө адамдардын аң-сезимине ар кандай жолдор аркылуу батыштын либералдык идеясы таңууланып, билимсиздик, оңой акча табуу, моралсыздык сыяктуу көрүнүштөр кеңири жайылды. Бул биздин жалпы коомчулукту тынчсыздандырып, ар кыл ой-пикирдин айтылышына өбөлгө түздү. «Эгер мамлекетти талкалагың келсе, билим берүүнү талкалоо жетиштүү» деп белгилүү афоризмде айтылгандай, биздин билим берүү системасындагы орчундуу көйгөйлөр бар, жетимиш жылдан бери калыптанып калган советтик системаны жок кылып, ордуна батыштык моделди киргиздик. Бирок ал биздин табиятыбызга, шартыбызга ылайык келеби же жокбу, бул чоң маселе. Мисалы, жогорку окуу жайларда Болондук системаны түшүнүп-түшүнбөй эле колдонууга өттүк, бирок мезгил көрсөткөндөй бул система өзүн актай алган жок. Жылдан жылга окууга келген студенттердин саны көп, бирок алардын арасында чындап билим алайын деп максат коюп келгендерге караганда, жөн эле диплом алып коюу үчүн келгендери басымдуу.

Жогорку окуу жайларда социалдык-гуманитардык багыттагы илимдер кыскарды. Мисалы, философиялык илимдердин бир тармагы болгон этика жана эстетика илимдерин окуу тармагынан алып салганына көп жыл өттү. Этика - бул нравалуулук, ыймандуулук, жакшы менен жаманды, адилеттүүлүк менен адилетсиздикти таанытуучу илим. Демек ыймандуу, маданияттуу, билимдүү келечек муунду тарбиялайбыз десек этиканы, нравалуулукту окутуп, үйрөтүшүбүз керек.

Мектептерде абал мындан да оор десек болот, алсак, окуу куралдары баш аламан, катасы менен чыгарылат. Китептер жетишпейт, бирок ар кайсы жерде сатылат. Совет мезгилинде бардык мектептерде бирдей окуу куралдары болгон жана алардын сапатына орчундуу маани берилип, балдардын психо-физиологиялык жана когнитивдик өзгөчөлүктөрү эсепке алынып, жаш курагына жараша чыгарылган. Азыркыдай эки-үч автор биригип эле китеп чыгарып койгон эмес. Китеп чыгаруу маселеси иш билги педагогдордун жана атайын редколлегиянын көзөмөлүндө болгон. Бүгүнкү күндө ар кайсы мектептин окуу китептери ар башка. Ал эми математика, информатика сабактарындагы маселелер өтө оор жана түшүнүксүз. 9-классты аяктагандан кийин эле окуучулардын басымдуу көпчүлүгү мектепти таштап кетишет, демек орто билимди дагы толук алышпайт. Окуучулар

интернетке көп убакыт коротот, алардын ой жүгүртүүсү фрагментардык болуп, кабыл алуусу начар.

Дагы бир маанилүү жагдай коомдо үй-бүлө институтунун бузулушу. Балага ата-эне тарбия бериши керек, нравалуулуктун негизин түзгөн ыйман, уят, жаман менен жакшынын айырмасын жана каада- салтыбызды билген жаштарды тарбиялоодо ата-ененин ролу чоң эмеспи. Бирок бул институт азыр өзү жоголуп бара жатат, ажырашуунун саны жылдан жылга көбөйүүдө, тышкы миграция күчөп балдар кароосуз, тарбиясыз калууда. Жаштардын арасында суицид күчөп, максатсыз, билимсиз басып жүргөндөрдүн саны арбын.

Жаштардын арасында эмес коомдо мурдагыдай китеп окуу маданияты жоголгон. Көбүнчө беллитристикалык жанрдагы чыгармалар, детектив, кооз иллюстрацияланган жеңил чыгармаларга кызыгышат. Анткени алар көңүл ачуучу, эрмек болуучу гана функцияны аткаргандыктан, окуу, кабыл алуу жеңил. Чыныгы адабиятка тиешелүү болгон тарбия берүүчүлүк милдетинен ажыраган. Мындай чыгармалар жаштардын эстетикалык табитин гана бузбастан, алардын психологиясына, тарбиясына терс таасир берип жатат.

Рухий азыкты интернеттен жана ар кайсы социалдык тармактардан алышат. Интернет алардын эстетикалык табитин калыптандырган бирден-бир булак болуп калды. Ошондуктан жаштардын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрү чектелүү, информацияны кабыл алып жатаканда кайсынысы чын же жалгандыгын ажыратып, иргеп алууга, сынчыл ой жүгүртүүгө жөндөмсүз. Ошондуктан жаш муунга билим гана бербестен тарбия да беришибиз керек. Ал үчүн кооздукту көрксүздүктөн, жаманды жакшыдан ажырата билген ыймандуу, аналитикалык ой жүгүртө алган жаштарды өстүрүү үчүн гуманитардык сабактарды кыскартпастан, тескерисинче «Маданият таануу» илими менен катар «Этика», «Эстетика», «Ааламдашуу» сыяктуу дисциплиналарды окуу планына киргизүү керек.Коомду ыймансыздыктан, түркөйлүктөн арылтуунун бирден бир жолу бул маданиятты жандандыруу экендигин түшүнүшүбүз керек. «Маданияттын» табиятын көпчүлүгү туура аңдай албайт, мисалы бири маданиятты бул коомдо өзүн алып жүрүү эрежеси катары караса, дагы бири маданият – бул музыка, бий, ыркүү, көңүл ачуу деп түшүнөт.

Маданият – бул биринчи кезекте «ыйман», «уят-сыйыт», «нравалуулук», «билим», «адеп-ахлак» сыяктуу аксиологиялык баалуулуктардын жыйындысы. Рухий баалуулуктар гана адамды инсан кылып калыптандырып, социумга ыңгайлаштырат. Айрыкча «уят» түшүнүгү баардык коомдо бардык улуттарда нравалык бирдиктин негизин түзгөн. Белгилүү немец философу И.Канттын этикалык императивинде уят – бул кудайдын бар экендигинин алтынчы жолу далилдениши деп белгилеген. Ага чейин орто кылымдагы схоластикалык философиянын негиздөөчүсү Ф.Аквинский Кудайдын бар экендигин беш жолу далилдедим деп эсептеген. Канттын этикалык императивине ылайык эгер адам уят деген эмне экенин билсе, уятты сезсе демек кудайдын бар экендигинин дагы бир далили. Уят-сыйыты бар адам коррупцияга, уурулукка, кылмышка аралашпайт, анткени уят бардык моралдык түшүнүктөрдү өзүнө акумуляциялап турат. Демек адамда жана жалпы эле коомдо уят-сыйыт сыяктуу нравалык нормаларды ойготуу керек, ал үчүн билим жана агартуу жолу менен маданияттын ролун жогорулатуу керек.

Маданиятка, эгерде аны кеңири планда карасак, адамдын чыгармачылык эмгегинин жаралган материалдык, рухий туундулар кирет. Маданият феноменин илимий жана философиялык жактан изилдөөгө көптөгөн окумуштуулар салым кошту. Алсак, немец философу И.Кант «маданият - акыл-эстин эң бийик парасатка, деңгээлге жетиши» десе, О.Шпенглер өзүнүн фундаменталдуу «Закат Европы» аттуу эмгегинде: «ар бир мада-

ний организм туруктуу эмес, тескерисинче, динамикалуу өнүгүп турган феномен», Иоган Гердер «адамдын илим жана билимдин жардамы менен кемчиликтерден арылуусу» деген сыяктуу түшүндүрмөлөрдү келтирет.

Жогоруда айтканыбыздай маданияттын табиятын аныктоого көптөгөн аракеттер жүрүп, натыйжада 400 дөн ашык аныктама берилген. Алардын бири: маданият – коомдогу адам өзүнүн табигый жана тарыхый муктаждыктарын камсыздоо максатында жасаган иш-аракеттеринин натыйжасы; ошондой эле материалдык жана руханий баалуулуктардын жыйындысы; адамдын аң-сезиминин өнүгүү деңгээли (маданияттуу адам); коом тарабынан жактырылган жана кабыл алынган баалуулуктар системасы ж.б.

Маданият коомдо негизги бир нече *функцияларды* аткарат. Функция деп гуманитардык илимде кандайдыр бир көрүнүштүн социалдык системасындагы аткарган милдети, максаты жана ролу аталат. Маданияттын функциялары көп түрдүү жана адамдын рухий дүйнөсүндөгү байлыкты көрсөтөт. Маданияттын эн негизги функцияларынын бири - адамды инсан катары калыптандыруу функциясы, башкача айтканда *тарбия берүү.* Адам инсан болуп төрөлбөйт, ал биологиялык организм катары тил, билим, моралдык баалуулуктар жана нормалар, социалдык сапаттарды, жөндөмдөрдү өздөштүргөндөн кийин гана инсан боло алат. Демек, инсанды ар тараптан калыптандыруу маданияттын негизги приоритеттүү милдети. Маданият аркылуу гана адам дүйнөнүн баалуулуктарын өздөштүрөт. Маданияттын жаратуучусу болуу менен бирге адам өзү да маданияттын продуктусу, туундусу. Маданиятсыз адам баласы коомдо жашап кетүүсү кымын.

Маданияттын баа берүү функциясы адамдарды айлана-чөйрөдөгү нерселерге баа берүү, дүйнөдөгү көп түрдүү баалуулуктардын асылдыгын сезүүгө тарбиялайт. Ошол эле учурда адам укугу менен эркиндигин урматтоо, ушуга тете милдет менен жоопкерчилик тарта билүү аркылуу улуттук мамлекеттүүлүгүбүздү чыңдоо, өнүктүрө алабыз.

Жаштарга демек келечек муунга таалим-тарбия берүүнүн максаты - улуттук мамлекеттүүлүктүн бүтүндүгүн сактоо, аны ар тараптан чыңдоо, бекем ынтымакты калыптандыруу, ар бир адамдын, жалпы коомдун руханий-нравалык, адеп-ахлактык жактан өнүгүүсү, улутмандык сезиминин артышы, жарандык күчтүү позициясы. Ушул сапат-касиеттер өлкөнүн ар тараптуу өнүгүшү үчүн негизги башат жана булак боло алат [1].

Коомдун маданиятын кандай жолдор менен көтөрө алабыз:

*Биринчиден*, бүгүнкү күндө руханий-нравалык, адеп-ахлактык, моралдык өксүктүк өкүм сүрүп турган шартта маданияттка өзгөчө көнүл бурушубуз зарыл. Маданият министрлиги салтанаттуу кечелерди өткөрүүчү, наам берүүчү гана орган болбостон коомдун адеп-ахлагын, акциологиялык баалуулуктарды бекемдөөчү саясаты, келечектүү стратегиясы бар болушу керек. Маданият минстирлиги дагы мамлекет тарабынан ар тараптуу колдоолорго муктаж. Маданияттуу коомду, цивилизациялуу мамлекетти курабыз десек бул тармакка каражат жетиштүү бөлүү керек.

*Экинчиден,* коомду жалпы адамзаттык баалуулуктардын жана улуттук дөөлөттөрдүн, элдик нарк-насилдин негизинде тарбиялоо аркылуу алардын руханий маданиятын, жарандык өзүн-өзү таануусун, руханий кайра жаралуусун калыптандыууга болот. Ата-бабалардан калган маданий мурастарды баалап-барктап, аларды бүгүнкү күндүн талабында модернизациялаган баалуулуктар менен айкалыштыруу аркылуу, маданиятты өнүктүрүү багытына түшө алабыз.

*Үчүнчүдөн,* телевидение жана массалык маалымат каражаттары аркылуу берилип жаткан кинопродукцияларды, экинчи-үчүнчү сорттогу эстетикалык мааниси төмөн

жана уятсыз  чыгармаларды берүүнү токтотуу керек. Министирликте чыгармаларды цензурадан, көркөм сындан иргеп, сапаттуусун аныктап туруучу көркөм кенешти түзүп жана ал жакта чиновниктер эмес, жаратман кесипкөйлөр иштеши керек.

Ошондо гана өсүп келе жаткан жаш муунду, деги эле жалпы коомду руханий-нравалык, таза моралдык, бийик адеп-ахлактык жана чың дене тарбиялык жактан өнүктүрүүгө жетишебиз жана бул бүгүнкү коомдун алдында турган  чон милдет.

**Адабияттар**

1. Муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы // Кутбилим, – 2013, 24-май.

2. Культурология. – М., 1994.